## 2.1-таяныч. КЕСИПТИК ӨСҮШТӨГҮ КЕРЕКТӨӨЛӨРҮН АНЫКТОО ҮЧҮН МУГАЛИМДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДИГИН ӨЗҮ БААЛООСУ

- Бул усул сиздин мындан аркы окуп-үйрөнүүдөгү керектөөлөрүңүздү аныктап, жекече кесиптик өсүш планыңызды иштеп чыгышыңызга жардам берет.

- Өзүн баалоо маалыматы купуя болуп саналат, бул форманы өздүк файлдарда сактап, зарылчылыкка жараша насаатчыга, окуу бөлүм башчысына же мектептин деректирине көрсөтүү керек.

- Өзүн баалоонун жыйынтыктары мектеп жетекчилиги тарабынан мугалимдердин кесиптик өсүшүнүн жалпы мектептик планын түзүү үчүн колдонулат.

- Өзүн баалоо маалыматтары сиздин педагогикалык ишмердигиңизди көзөмөлдөөгө жана текшерүүгө, же кесипкөйлүгүңүздү ырастоого арналган эмес.

<table>
<tr><td colspan="6">Ф.А.А.:<br>*Асанова Айнагүл*</td><td>*Мектептин аталышы: Т.Асранов ат.№6 ИОМ*</td></tr>
<tr><td colspan="2">Ээлеген кызматы: англис тили *мугалими*</td><td colspan="4">Категориясы:<br>к/ж☐ 2-к ☐ 1-к ☐ жогорку к☐</td><td>*Датасы: 12.01.2021.*</td></tr>
<tr><td colspan="6">Окуткан предмети(-тери): (эгер сиз башталгыч мектепте окутсаңыз, «башталгыч мектеп» деп жазыңыз). ***Орто мектеп***</td><td>Соңку эки жыл ичинде сиз кайсы класстарды окутасыз? *5-6-7-8-кл*</td></tr>
<tr><td colspan="2">Билими\адистиги:<br>*Магистр , англис тили мугалими*</td><td rowspan="2">МПК менен байланышы</td><td colspan="3">**Компетенциянын учурдагы деңгээли** *(Компетенциянын деңгээлин аныктоо үчүн 2-форманы пайдаланыңыз).*</td><td>**Түшүндүрмө** *(Бул мамычага өзүңүздүн керектөөлөрдү конкреттүү жана толук сыпаттап жазыңыз)* *!!!!!!!?????????*</td></tr>
<tr><td colspan="2">**Компетенциялар**</td><td>**Төмөнкү (1)**</td><td>**Ортоңку (2)**</td><td>**Жогорку (3)**</td><td></td></tr>
<tr><td rowspan="4">Күтүлүүчү натыйжаларды пландоо жана баалоо</td><td>1. Мен заманбап окутуу теориясына шайкеш келген майнаптуу сабактардын пландарын, календардык-тематикалык пландарды иштеп чыгып, сабак өтө алам.</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>*2.* Мен сабактардын планын, календардык-тематикалык пландарды класстын окуучуларынын баардык шык-жөндөмдөрүн эске алуу менен, компетенттүүлүктөргө негизделген предметтик стандарттардын талаптарына ылайык иштеп чыга алам.</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>3. Мен жетиштүү убакыт бөлүп, баардык окуучулардын негизги (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн уюштуруу жана маселелерди чечүү) компетенттүүлүктөрүн калыптандыруучу сабакты пландап өтө алам.</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>4. Мен окуу ресурстарын, анын ичинде маалыматтык-коммуникативдик технологиялар экономикалык жаатта</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | майнаптуу колдонула турган сабактарды иштеп чыгып, өтө алам. | | | | | |
| | 5. Мен «СМАРТ» критерийлерине шайкеш окутуу максаттары, баардык башка зарыл компоненттери жана баскычтары да бар сабак пландарын жаза алам. | | | | | |
| | 6. Мен окутуунун күтүлүүчү натыйжаларына ылайык окуучулардын өсүшүнө көз салып, окуучулардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн өз усулдарым менен ыкмаларымды түзөтө алам (негизинен калыптандыруучу баалоо). | | | | | |
| | 7. Мен баа берүүчү усулдардын критерийлерине ылайык келген предметтик стандарттардын негизинде компетенттүүлүктөрдү баалоо усулдарын иштеп чыгып, колдоно билем (негизинен жыйынтыктоочу баалоо). | | | | | |
| | 8. Мен маалымат технологияларын да колдонуп, окуучулардын окуудагы жетишүү натыйжалары жөнүндө мектеп жетекчилигинн жана ата-энелерге кабарлай алам. | | | | | |
| Мазмунду тандап алуу жана түзүү, жигердүү окутуп-үйрөтүүнүн усулдарын билүү | 9. Мен өз предметимди жакшы билем, татаал темаларды жеткиликтүү түшүндүрүп, өзүм окуткан класстардагы предметке тиешелүү каалагандай көндүмдү көрсөтүп бере алам. | | | | | Эскертүү: Эгер сиз бул компетенциянын деңгээлин «Төмөнкү» же «Ортоңку» деп аныктасаңыз, болгон кыйынчылыктарды 9.1-пунктка сыпаттап жазыңыз. |
| | 10. Мен шык-жөндөм деңгээл ар кандай болгон окуучулардын керектөөлөрүнө жооп берген сабактарды өтө алам. | | | | | |
| | 11. Мен окуучулар билимдерди алып, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө жетишсин үчүн окутуунун түркүн усулдарын кеңири жана айкалыштырып колдоно билем. | | | | | |
| | 12. Мен ой жүгүртүүнүн жогорку деңгээлиндеги тапшырмалар менен суроолорду иштеп чыга жана бере алам, окуучуларды ушундай суроолорду түзүп, аларга жооп | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | берүүгө шыктандыра билем. | | | | | |
| | 13. Мен окуучуларды жакшыраак окууга дилгирлентип, өз окуусунун натыйжалуулугун баалоого жардам берүү үчүн алардын иштери боюнча майнаптуу кери байланыш түзө алам. | | | | | |
| | 14. Мен айрыкча окуучулардын көндүмдөрдү бышыктоосуна жетишүү үчүн сабактын баардык баскычтарында убакытты майнаптуу тескейм. | | | | | |
| Баардык окуучулар үчүн шыктандыруучу билим берүү чөйрөсүн түзүү | 15. Мен сабак өтүп жатканда, классты жакшы тескей алам. | | | | | |
| | 16. Мен кызыктуу жана коопсуз болсун үчүн шыктандыруучу билим берүү чөйрөсүн түзө алам. | | | | | |
| | 17. Мен окуучулар өз дареметин алгылыктуу ыкмада турмушка ашырсын үчүн сабакта жагымдуу чөйрө түзө жана колдой алам. | | | | | |
| | 18. Мен окуучулардын жүрүм-турумундагы көйгөйлөрдү жайгарып, алардын ортосундагы, окуучулар менен менин ортомдогу чыр-чатактарды болтурбай коё алам. | | | | | |
| Кесипкөй деңгээлди жана кызматташууну арттыруу | 19. Мен өзүмдүн окуучуларымдын социалдык жактан өсүшүн багыттап жана колдоп, коомдоштук менен майнаптуу иштеше алам. | | | | | |
| | 20. Мен билим берүү тутумунун жана мектептин алкагында ар түрдүү милдеттерди аткара алам (мисалы, класстык журналды толтурам, класс жетекчинин иш-милдетин аткара алам ж.б.у.с.). | | | | | |
| | 21. Мен өзүмдүн кесиптик өсүш планымды иштеп чыгып, кесибим тууралуу жаңы маалыматты издей алам, кесиптештер менен кызматташып, аларга колдоо көрсөтө | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | билем. | | | | | |
| | 22. Мен жумушта жүрүм-турумдун баардык адептик ченемдерин сактайм жана коомдоштукта мугалимдин макамын бийик алып жүрөм. | | | | | |

**9.1. Кошумча кесиптик өсүштү талап кылган предметтик компетенцияларды (билимдерди, көндүмдөрдү) жазыңыз.**

1:

___?___________________________________________

2: ___________________________________________

3: ___________________________________________

**Жакынкы беш жыл ичинде сиз билим берүү тутумунда кайсы кызматты ээлөөнү каалар элеңиз?**

(Тийиштүү чарчыны белгилегиле).

*Насаатчы мугалим* □

*Класс жетекчи* □

*МУБ башчысы* □

*Окуу бөлүм башчысы* □

*Деректир* □

*Райондук усулчу*□

*Дагы башка* □

**Өзүңүздүн кесиптик дареметиңизди өркүндөтүү үчүн кандай кошумча иштерди аткарууну каалар элеңиз?**

*Насаатчылык* □

*Предмет боюнча адис* □

*Класстан тышкаркы иш-чаралар* □

*Башкалар үчүн тренингдерди өткөрүү* □

*Окуу материалдарын иштеп чыгуучу* □

*Коомдоштук менен иштөө/байланыштар жана иш-чаралар* □ □ □

*Китепкананы колдоо* □

***Башка комментарийлер:***

## 2.1-таянычын колдонуу боюнча эскертүүлөр. Мугалимдин өзүн баалоосу:

1. 2.1-таяныч. Мугалимдин өзүн баалоо формасын мугалим өз алдынча толтурат. Компетенциянын деңгээлин аныктоодо «**Деңгээлдер дескрипторлору» деген 2-форманы** пайдаланыңыз. Сиздин деңгээлиңизге ар түрдүү деңгээлдеги дескрипторлор туура келсе, дескрипторлору көп деңгээлге тууралап чечим кабыл алыңыз.

2. Форма мектеп жетекчилигинен кимдир-бирөө мугалимдин сабагына(-тарына) катышкандан/байкоо жүргүзгөндөн кийин толтурулат.

   САБАККА БАЙКОО!

3. Өз ишмердигиңизге өзүңүз баа бергенден кийин анын жыйынтыктарын өзүңүздүн супервайзер – МУБ жетекчиси же окуу бөлүм башчысы менен талкуулаңыз. Алар да сиз менен жолугушканга чейин ушундай эле форманы толтурушат. Маектешүүнүн жүрүшүндө баа берүүнүн натыйжалары салыштырылып талкууланат жана жалпылаштырылат. Кесиптик өсүш компетенцияларынын тизмесине кирүүчү 4төн ашпаган компетенцияны (2-3 компетенцияны) аныктагыла.

   **Маектешүүгө үчүнчү жак катышпайт.**

4. Өзүн баалоонун натыйжаларын мектеп жетекчилигине тапшырыңыз.

5. Жок дегенде жылына бир жолу өзүңүздүн педагогикалык ишмердигиңизге өзүңүз баа бериңиз.

**2.1-таянычтын жардамында алынган маалыматты эмне кылуу керек?**

1. Өзүн баалоо маалыматын кесиптик өсүштүн жеке планын түзүү үчүн пайдаланыңыз.

2. Өзүн баалоонун натыйжалары Кесиптик өсүштүн жалпы мектептик планын түзүү таянычына киргизилет **(4.2).** Маалыматтарды талдоонун негизинде мектеп жамаатынын кесиптик жактан өсүшүнүн негизги багыттары аныкталат. Алынган маалымат рай/шаарББ жана РКЖИ/ОУБ жөнөтүлүп, Кесиптик өсүштүн жалпы мектептик планы түзүлөт.

3. Кесиптик өсүштүн жалпы мектептик планынын негизинде мектеп жетекчилиги сиздердин керектөөлөрүңүзгө ылайык мугалимдердин кесиптик көндүмдөрүн өркүндөтүү үчүн

мектеп жетекчилиги семинарларды, тренингдерди

жана башка иш-чараларды уюштурат.

## 9.2. Пландоо жана байкоо таяныччтары

### 4.1-таяныч – Кесиптик өсүш боюнча жекече план

| | |
|---|---|
| Ким | Педагогикалык жана административдик кызматкерлер. |
| Колдонулуш убактысы | Бул форманы ар бир кызматкер сабакка байкоо жүргүзүүдөн, портфолио түзүүдөн жана аны баалоодон, насаатчылык жүргүзүүдөн жана мектептин мугалимдери менен жетекчилеринин муктаждыктарын аныктоодон кийин толтурат. |
| Милдет | Коюлган максаттарга жетишүү мүмкүнчүлүгүн берүүчү окутуунун максаттарын, стратегиялары менен ресурстарын аныктоо. |
| Колдонулуш шарты | Таяныч өзүн-өзү баалоо формасын толтуруп, супервайзер менен бирге окуп-үйрөнүүдөгү муктаждыктарды аныктагандан кийин колдонулат. |
| Эскертүү | Кесиптик өсүштүн жеке планы КЖ курстарына, мектептеги, |

| | |
|---|---|
| | райондогу семинарларга, тренингдерге катышууну камтышы мүмкүн. Окуп-үйрөнүүнүн алгылыктуу багыттары кесиптик адабияттарды окуу, насаатчы менен иштөө, кесиптештердин сабактарына катышуу, практиктердин жамаатында иштөө ж.б.у.с. болушу мүмкүн. |